Айзат кыз

Сөзү,обону: Бейшекеев Сыймык

Кыраңдагы гүл сымал,
Кылактайсың, Айзат кыз.
Тоодон аккан мөпмөлтүр,
Булактайсың, Айзат кыз.
Каректериң карагат,
Балбылдайсың, Айзат кыз.
Кызыл калтар кундуздай,
Жалжылдайсың, Айзат кыз.
Кайырма:
Айзат кыз, Айзат кыз,
Жалжылдайсың, Айзат кыз.
Каректериң мөлтүрөп,
Балбылдайсың, Айзат кыз.
Ысык-Көлгө ак куулар, качан конот, Айзат кыз?
Экөөбүздө жолугуу качан болот, Айзат кыз?
Эми качан окууңду аяктайсың, Айзат кыз?
Качан сүйүү дептерин баракгайсың, Айзат кыз?
Айдай сулуу, Айзат кыз,
Күндөй сулуу, Айзат кыз.
Асылымсың, Айзат кыз,
Ашыгымсың, Айзат кыз.
Ат арытып алыстан сага келем, Айзат кыз,
Ак сүйүүнүн гүлдөрүн терип берем, Айзат кыз.
Махабаттын дастанын угасыңбы, Айзат кыз?
Ак кебездей колуңду сунасыңбы, Айзат кыз?
Айзат кыз, Айзат кыз.
Кайырма: